# ЭКЗАМЕНДИК ДИЛБАЯН ЖАНА АГА КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

**АМАН КЫЗЫ БАКЫТГҮЛ**
biblionsu@rambler.ru

Кийинки мезгилде сочинение деген терминдин ордуна дилбаян деген сөз кеңири колдонула баштады. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө сочинениеге мындайча аныктама берилген: «Сочинение – окуучулар белгилүү бир тема боюнча өзүнүн оюн, пикирин адабий тилде туура, эрежеге ылайык жазып баяндоо үчүн жүргүзүлүүчү жазуу иши» [1, 539-б.]. Мектеп практикасында дилбаяндын бир катар түрлөрү колдонулат. Алар класстык, үйдүк, конкурстук, олимпиадалык, экзамендик дилбаяндар деп аталып келүүдө. Дилбаяндардын жогоруда аталган түрлөрүнөн башка да көптөгөн багыттары бар. Биз ошонун бир бутагы жана тармагы болгон экзамендик дилбаянга токтолуп көрөлү. Дилбаяндардын мектеп турмушуна киришинин узак тарыхы, тажрыйбасы бар. СССРдин Эл Комиссарлар Советинин 1944-жылдын 22-июнундагы «О мероприятиях по улучшению качества обучения в школе» деген токтому менен орто мектептерде жетилүү аттестаты үчүн сочинение жазуу киргизилип, биринчи сочинение жаздыруу иши 1945-жылдан башталган. Жетилүү аттестаты үчүн жүргүзүлүүчү дилбаяндарга өзгөчө жоопкерчилик жүктөлөөрү жалпыга белгилүү. Ал баарыдан мурда бүтүрүүчүнүн мектепте окуп жүргөн жылдарынын, алган билиминин, жөндөмдүүлүгүнүн, таалим-тарбиясынын жыйынтыгын чыгарат. Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын аттестаттагы баа менен бүтүрүүчүнүн реалдуу билими дал келбейт деген пикирлери басма сөзгө кеңири айтылып келет. Акыркы бир катар жылдардан бери бүтүрүү экзамендерине көптөгөн темалар сунушталып келүүдө. Ушул ыкманын өзүндө да формалдуулук бардай сезилет. Ошончо темага ар бир эле бүтүрүүчү талаптагыдай даярдана аларына маани берсек. Ага мүмкүнчүлүгү, чама-чаркы да жетишпечүдөй таасир калтырат. Бир кезде бүтүрүү экзаменине сунушталуучу дилбаяндардын темасы министрлик тарабынан түзүлүп бир нече вариантта 3 суроодон турган атайын пакет менен жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрүнө жеткирилип турган. Бул ыкма мугалимден да, окуучулардан да чоң жоопкерчиликти талап кылып терең даярданууга, көп окууга түрткү берген. Азыркы колдонулуп жаткан багытыбыз кандайдыр бир алдын ала шпаргалкаларды даярдоого жол ачып тургандай сезилет. Айрым ата-энелер балдарынын дилбаяндарды жазуусун, математикадан сунуш кылынган эсептерди чыгаруусун белгилүү бир даярдыгы бар адамдардын жардамы менен ишке ашыргандай туюлат.

Мына ушундай негативдүү көрүнүштөр бүтүрүүчүлөрдүн экзаменге даярдануусуна, келечекте жогорку окуу жайларынын биринен билим алып жакшы адис болуп чыгуусуна өзүнүн залакасын тийгизип келүүдө. Бирок бул жерде баса белгилеп коюучу бир нерсе, бардык эле бүтүрүүчүлөр ушундай жолдо, багытта деген ойдон алысмын. Ошондуктан мугалимдерге экзамендик дилбаянга даярдануу, өткөрүү багытындагы айрым методикалык ой-сунуштарды, пикирлерди ортого салуу бүтүрүүчүлөрүбүзгө жакындан кеңеш берет деген ойдомун.

Экзамендик дилбаянга даярдык башталгыч класстардан эле башталуусу талап кылынат. Окуучулардын класс жана жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутуу жана тарбиялоо иши жеңилден ооргo, жөнөкөйдөн татаалга карай өнүгөөрү белгилүү. Демек эркин, шар, так, көрктүү окууга үйрөнүү, окугандарын түшүнүү жана эстеринде сактоого калыптандыруу жумуштары башталгыч класстарга таандык. Ошол эле мезгилде акырындык менен өз ойлорун, түшүнүктөрүн, байкоолорун системалуу жаза билүүгө көнүктүрүлө баштайт. Белгилүү педагог В.А.Сухомлинский башталгыч класстын окуучуларын жаратылышка алып чыгууга, айлана-чөйрөнү, бак-дарактарды, жаныбарларды, канаттууларды байкоого, ошол көрүп-билгендеринин негизинде кыска этюд, аңгеме, жомок жазууга көнүктүрө билүүнү биринчи орунга койгон. Негизи

мектептин V-VIII класстарында изложениеге, дилбаяндын элементтери камтылган изложениелерге басым жасайбыз.

Мектеп практикасы, алдыңкы мугалимдердин тажрыйбасы көрсөткөндөй сабаттуу изложение жазууга калыптанбаган окуучунун ойдогудай дилбаян жазып жибериши кымбатка турат. Дилбаян жазууга даярдоо узак жана татаал процесс. Ал баарыдан мурда биргелешкен коллективдүү эмгекти – окуучунун, ата-эненин, мугалимдин эмгегин талап кылат. Бүтүрүүчү келечекте ким болбосун, кайсы гана кесипти тандап, аны өздөштүрбөсүн, кайда гана эмгектенбесин өз ой-туюмун, түшүнүгүн системалуу, адабий тилде бере билүүгө ээ болуусу башкы шарт экендигин түшүнүүсү негизги маселе. Мугалим даярдыктын биринчи учурун бүтүрүүчүлөргө экзаменге сунуш кылынган темалар менен тааныштыруудан баштоосу максатка ылайыктуу. Теманы ойлонуп, туура тандай жазуу чечүүчү мааниге ээ болот, себеби жаза турган темасы боюнча эмне билери, кандай кошумча материалдар, илимий адабияттар, сын макалалар бар экендиги эсепке алынуусу шарт. Көпчүлүк бүтүрүүчүлөр бул багыттарды эсепке албай келишет да, жанындагы жолдошу эмнени жазып жатса ошого ооп кеткен учурлар болот. Натыйжада бир катар бүтүрүүчүлөрдүн дилбаяндары коёндой окшош же бири-бирине өтө жакын, кайталанып жазылып калган учурлар көп кездешет. Кошумча адабияттардан пайдалана албаган, окуу китеби менен гана чектелген, жазып жаткан темасына карата жеке көз карашы, ой толгоолору, өздүк “мени” жок дилбаяндарга жогорку деңгээлдеги баа коюлбастыгы белгилүү. Муну айрым ата-энелер, бүтүрүүчүлөр өз убагында түшүнө бербейт да мугалимге күнөө коюуга умтулушат. Мугалим мына ушундай урунттуу учурларды экзамендик консультацияларда кеңири талдап айтып берүүсү алгылыктуу. Жазылуучу дилбаяндын темасы аркылуу бүтүрүүчү эмне ойду айтат, эмне ойду ачат? Ошол айтылуучу ой – идея. Демек, дилбаяндын темасы менен идеясы шайкеш келүүсү абзел. Көпчүлүк бүтүрүүчүлөр тандап алган темасынан четтеп кетишет. Эмне үчүн? Жазылуучу дилбаянга карата туура, так план түзө албагандык буга себеп болот. Сочинение – деген сөздөгү “чин” орус тилинин этимологиясында “порядок” деген маанини берет. Дилбаян жөнөкөй пландабы же татаал планда жазылабы, айтылуучу ойдун белгилүү тартипте, ырааты менен баяндалуусун талап этет. Дилбаян бүтүрүүчүдөн, тактап айтканда темасына чыгармачылык менен мамиле кылууну, коомдун өсүп-өнүгүүсүнө, күндөлүк турмушуна, эл аралык абалга жана мамилерге байланыштыра билүүсү, башка акын-жазуучулардын чыгармаларына салыштыра талдай билүүсүн талап кылат. Мындай болгон учурда дилбаян окуучунун эмгеги, болгондо да чыгармачылык эмгеги болуп саналат.

Ошондой эле мугалим дилбаянга эки баа коюла тургандыгын алдын ала түшүндүрөт. Адабияттык материалды ачып берүүсү боюнча жана орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун эсепке алуу менен кыргыз тилинен алган билимине карата. Мындай болгон шартта экзамендик дилбаяндан кандай баа алуусу ал бүтүрүүчүнүн өз колунда. Тагыраак айтканда бүтүрүүчүнүн эмгегине, аракетине, изденүүсүнө, жеке чыгармачылык жөндөмүнө байланыштуу демекчибиз.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: 1969.
2. Алымов Б. Мектеп сочинениеси. – Ф.: 1982.
2. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. – М.: Учпедгиз, 1962.